№58 Ж.Маматжанов атындагы орто мектеби.

# Доклад.

# 5-март Ак калпак күнү.

Аткарган: Токтосунова А.

Сканировано с CamScanner

# 5-март ак калпак күнү.

Жылда 5-мартта Кыргызстанда улуттук баш кийим ак калпактын урматына ак калпак күнү белгиленет. Бул күн Жогорку Кенештин 2016-жылдын 29-июнундагы №825-6-токтому менен улуттук баш кийимдин маанисин сактоо жана сыйлоо, улуттук салты колдоо жана элдин кыргыз маданиятына болгон сыймыктануу сезимдерин ойготуу максатында кабыл алынган.

Ак калпактын тарыхына кайрылсак байыртан эле кыргыз эркектеринин улуттук баш кийим . ата – бабаларыбыздын мурасы катары саналып , өзүнө терен философияны камтыйт. Формасы , оймо –чиймелери . өзгөрбөстөн муундан муунга өтүп келген . Кыргыз калпагы –ысыкта күндөн, суукта ызгардан сактаган. Жайлуу, женил баш кийим. Бирок калпактын түзүлүшү, калпактагы ар бир түс, ар бир оюу өзүнчө маанини туюндуруп турат.Ошол маанилер эл ичинде кандайча чечмеленет?

Калпак бири-бирине дал келген 4 талаадан куралат.4 талаа биригип келип кыргыз эли байыртан мекендеген Ала-Тоону чагылдырат. Демек мекенибиздин символун берет.Калпактын ак кийизден жасалганы анын ыйытыгын , аруулугун түшүндүрөт.Калпак- байыркы баш кийим.Аны кийген адам ата-бабаларынын тарыхына тамырлашып, элинин салтына. Маданиятынабекем байланышат.Калпактын ыйыктыгы да ушунда.

## Калпактын түстөрүнүн маанилери:

Кыргыз уулу балагатка жеткенге чейин кыюусу жашыл калпак кийгизишкен.Бул баланын жаныдан жетилип келе жатканын туюндурган. Ошондой эле балага көз тийбесин деп калпактын мандайын эки ача кылып тилип коюшкан.

Уул бала балагат жашына жеткенде кыюусун кызыл түскө алмаштырышкан.Мындай калпак кийген бала кыз жандап жүрүүгө , өзүнө жар издөөгө акылуу болгон.Илгери айылга кыюусу кызыл калпак кийип башка жактан келген жаш жигитти көргөндөр “ и-и , кыз издеп келген туура” деп түшүнүшкөн.Жигит үйлөнүп өзүнчө үй-жай күткөндө кыюусу кара калпак кийгизишкен.

## Калпакка салынган оюуулардын маанилери.

Жаш балдарга колдой жүрсүн деп Умай эненин, көз тийбесин деп карганын тырмагын . тилеги дайыма суудай ак болсун деп булактын жана башкалардын образын оюу менен чагылдырышкан. Ошондуктан оюулар да “Умай эне”, “карга тырмак”, “ булак “ оюмдары деп аталат.

Жигиттер анчылыкка , куш салууга жакын болсо, калпактарына ошол маанини камтыган оюм-чийимдер түшүрүлгөн.Мисалы, “тоо теке”, “бүркүт”. “аркар” оюмдары. Эл баатырларына “илбирстей”, “бөрүдөй”. “жолборстой” деген салыштыруулар көп колдонулгандыктан, калпактарына “илбирстей”, “жолборс”

Сканировано с CamScanner

жана башка тигүүдөгү оюлар түшүрүлгөн.”Умай эне “ оюму жаш балдардын калпагына , ал эми “жолборс” оюму баатырлардын калпагына түшүрүлгөн.

Калпакты башка элге берүү -таажыны жоготуу.Калпак көчмөн кыргыз элинин тажысын билдирген. Калпакты башка элге берүү таажыны жоготуу менен барабар болгон. Андыктан элибиз “калпагынды жоготсон башынды жоготосун, калпагынды сатсан, акылынды сатасын” деген таамай сөздөрүн айтышкан. Илгери калпактар эки талаадан кана турган. Калпак көрүнүшү боюнча экиге бөлүнөт: айры калпак, туюк калпак.Айры калпактардын мандайы жана арты (кежиге туш) тилик болгондуктан айры калпак аталган. Муну кыргыздын он, сол канаттагылары кийишкен. Ак калпак –тоолордун жана тазалыктын символу .Анын формасы Кыргызыстандын ак кар , кок муз баскан тоо чокуларын элестетет.

Сканировано с CamScanner

# КАЛПАК

## Кыргыз республикасынын улуттук баш кийими



Калпактын төбөсүндө кайчылашып турган төрт сызык анын төрт курагын бириктирип турат жана күндүн, жашоонун символу болуп эсептелет

Салт катары калпакты даярдоого ак кийиз колдонулат. Дал ошол себептен бул баш кийим «ак калпак» деп аталат. Буга кыргыз элинде ак түскө ыйгарылган «улук», «таза», «ыйык» маанилери үндөш келет

Калпакка көп учурда түрдүү оймолор түшүрүлөт

Кичине балдардын калпагынын кыюсу жана кыры адатта кызыл кездемеден тигилет

Ал эми улуулардын калпагыныкы күрөң же кара болот



## >80

Калпактын азыр 80ден ашык түрү бар

## БАКАЙ КАЛПАК

Калпактын бул түрүн улуу курактагы, өзгөчө статуска ээ, кадыр-барктуу адамдар кийет

Нукура кийизден жасалган ак калпактын баасы орто эсеп менен

## 1700 СОМ


## 230 г

Бир калпакка 230 г **кийиз** кетет

Калпактын кийизи жуулуп, тазаланып жана тытылган уяң жүндөн жасалат

Уяң жүндүн нымды сиңирип алууга жөндөмдүүлүгү жогору келип, ал өз көлөмүнүн 33 пайызына чейинки нымды сиңирип алышы аны кийип жүргөн адамдын денеси дайым кургак жүрүшүнө шарт түзөт. Жүндүн кылдарындагы миллиондогон аба жаздыкчалары суукта да, ысыкта да жылуулукту жакшы деңгээлде сактап турат





Даярдалган кийизден төмөн жактары кең төрт тилимди бычып алышат



Бир чыгырык жип беш калпак тиккенге жетет



Бир калпакты уз **эки саатта** тигип бүтөт

## 8А-КЛАСС

ДИЗАЙНЕР: НАДЫРБЕК УУЛУ БАГДАТ

Сканировано с CamScanner



Сканировано с CamScanner